**Рыскул Жолдошов,**

тарых илимдеринин кандидаты, КР УИАнын

Б. Д. Жамгерчигнов атындагы тарых, археология

жана этнология институтунун бөлүм башчысы.

## Коомдук ишмер Т. Усубалиевдин генеалогиясы (санжыра материалдарынын негизинде)

Белгилүү советтик мамлекттик жана партиялык ишмер, 1961-1985- жылдары Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин 1-катчысы, Кыргыз Республикасынын баатыры Турдакун Усубалиевдин 100 жашка чыккандыгына байланыштуу анын ишмердүүлүгүн чагылдырган бир катар иш-чаралар өткөрүлүп, ал жөнүндө көптөгөн эмгектер басмадан чыгарылды. Т. Усубалиев 25 жылга жакын Кыргыз мамлекетинин башында туруп, өлкө үчүн маанилүү проблемаларды чечүүгө катышып эмгек сиңирген.

Бул инсандын эл астында аткарган эмгеги, Кыргыз мамлекетинин өнүгүүсүнө кошкон салымы баа жеткис. Албетте, узак убакытта мамлекеттик жогорку кызматты аркалап туруп, кандайдыр бир мүчүлүштүктөрдү кетирип алышы дагы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок Турдакун Усубалиев жетектеп турган мезгилде Кыргызстанда мамлекетик система чыңалып, өлкөбүздүн экономикасы тездик менен жогорулаган. Анын көптөгөн көрүнүктүү иштеринин ичинен Кыргыз Республикасынын аймактык биримдигин, экологиялык коопсуздугун сактап калууга салым кошкондугу өзгөчө орунду ээлейт.

Совет мезгилинде ар-түрдүү саясий-экономикалык кырдаалга карата Советтик Республикалардын арасында тымызын атандашуу, күрөш жүрүп турган. Ушундай абалдардан Т. Усубалиев иш билгилиги менен билимдүүлүгүнүн аркасында кыргыз элинин намысын коргоп, республиканын кызыкчылыгы үчүн бекем турган. Мисалы Бишкек (ал маалда Фрунзе) шаарынын калкы менен экологиясына коркунуч жараткан Бүткүл Союздук маанидеги ири химиялык заводду шаардын түндүк аймагына куруу тууралуу москвалык долбоорго каршы туруп, москвалык чоңдорго илимий далилдер менен түшүндүрүп, Кыргызстандын кызыкчылыгын сактап калган. Ал завод кийин Казакстандын Жамбыл (Тараз) областынын аймагына түшөт. Заводдон чыккан зыяндуулуктарды бетине кармаган Казакстандык төбөлдөр областын жашоочуларынын ден-соолугун чыңдоо жайын түзүү үчүн кыргыздын Талас өрөөнүн Казакстанга өткөрүп берүү талабы менен Москвага кайрылышкан. Т. Усубалиев эгер иш алар айткандай болсо миңдеген гектар айдоо жерлер менен жайыттар кыскарып Совет мамлекетине азык-түлүк даярлоодо ири зыян келе тургандыгын так далидеп, Талас аймагын сактап калган жана ал өрөөндү өзүнчө область кылгууга жетишкен. Мунун баары эбегейсиз зор эмгек менен абдан көп түйшүктөрдү жараткан. (Бул окуялар тууралуу Т. Усубалиевдин көп жылдар жардамчысы болуп эмгектенген Үсөнаалы Чотонов эскерет).

Ал эми коңшулаш Өзбекстан пахта түшүмүн көбөйтүү максатында москвалык жетекчилерден Кыргызстандын жаратылыштан берилген табыгый элдик байлык болгон Соң-Көлдү Нарын дарыясына буруп соолтуп, ал суулардан Өзгөн районунун өтө ири аймагын суу астына калтырган суу сактагыч курууну суранышкан. Аны менен бирге Чаткал

өрөөнүн толук баскан ошондой эле суу сактагыч салуу идеясын көтөрүп чыгышкан. Бул долбоорду колдоого алган борбордук башчыларды сунуштун зыяндуулугуна ынандыруу аябагандай эрктүүлүктү, билимдүүлүктү, чыныгы мекенчилдикти жана түбөнбогөн түйшүктү талап кылган. Т. Усубалиев Кыргызстандык илимпоздордун жана малекеттик чиновниктердин жардамы менен коюлган проблеманы жеңип, өлкөбүздүн экологиясын жана аймактарынын бүтүндүгүн сактап калышкан.
Көрсөтүлгөн мисалдардан эле өлкөнүн жетекчисинин ээлеген орду жана анын мекенчилдиги айкын көрүнөт. Бирок биз бул чакан макалада Т. Усубалиевдин ишмердүүлүгүн эмес, анын ата-тегинин генеалогиясына токтолуп, иликтөө жүргүзүүгө аракеттендик.
Белгилүү болгондой Т. Усубалиевдин түпкү ата-бабалары тууралуу маалыматтар кыргыз санжырасында кездешет. Т. Усубалиев кыргыздын сарыбагыш уруусунун өкүлү болгон. Сарыбагыш уруусу санжырада кыргыздардын легендалуу түпкү бабасы катары эсептелген Тагай бийдин бир уулу Кылжырдын тукумдарынан таркатылат. Кылжырдын өзүнүн аты Сарыбагыш болгон экен, бирок лакап аты менен Кылжыр деп аталып калыптыр. Кылжырдан Орозбакты, Дөөлөс деген эки баласы болуп, Орозбактын тукумдары бугу аталып, Дөөлөстүкү сарыбагыш уруусун түзүптүр. Учурурунда Дөөлөс аталарынын жолун жолдоп, кыргызга бий болгон экен.
Дөөлөс бий кыргызды коргоп көп элдер менен алака жүргүзгөн. Алардын арасында калмак ханы менен мамиле түзүп, анын кызы Көкмончокту үчүнчү аял кылып алыптыр. Дөөлөс бийдин Токо, Жантай, Манап, Элчибек ысымдуу төрт уулу болуп, сарыбагыш уруусу алардын аты менен жалпысынан 4 чоң бутакка бөлүнөт.
Токонун урпактары жети урук же кара курсак деп аталат. Жантайдан жантай уругу, Манаптан манаптар таралат. Элчибектин балдарын таздар деп аташат.
Булардын ичинен Манап атактуу бий болуп, ал кыргыздардын бий институтуна ири өзгөртүүлөрдү киргизип, эл ичинде “манапчылык” деген түшүнүккө негиз салган.
Манап бийден Сүтөй, Жарбаң. Сүтөй бийден Сарысейит, Тугур, Эшим. Тугурдун тукумдары “чоң чарык, Эшим тукуму - эшим деп аталат. Сарысейит ата мурасы менен эл башкарып, бий болот. Сарысейит бийден Үчүкө, Түлкү, Эрдене жана Кудаян. Үчүке ата ордунда эл бийлеп, иниси Түлкү баатыр болот. Булур тууралуу “Жаңыл-мырза” эпосундагы окуялар баяндайт. Үчүкө, Түлкү өлгөндөн кийин алардын иниси Кудаян агасы Үчүкөнүн ордун ээлеп, эл башкарып, “хан Кудаян” атанган. Санжыралык уламыштарда хан Кудаяндын мезгилинде калмактар кыргыз, казактарга кол салып талкалашкан. Ал заман “казак кайың саап, кыргыз Ысар киргенде” деп аталып калган.
Жогорудагы Манап бийдин чөбөрөсү Үчүкө баатыр Турдакун Усубалиевдин жетинчи атасы болот.
Үчүкөдөн Мааматкул, Дөөлөт жана Кудайберген ысымдуу үч уул калат. Мааматкул хан Кудаян агасынан кийин кыргызга башчы болуп эл башкарып, жунгар калмактары менен согушта элди жетектеген. Мааматкул тууралуу XVIII кылымда жазылган кытайдын “Сю чжи” тарыхый дарегинде “ал жунгар калмактарын талкалап, Кыргызстандын түндүк аймагын бошотуп келишкен кыргыздардын шайлап алган “ханы” деп жазылат. Булактагы бул окуялар 1752-1758-жылдарды чагылдырып, ал мезгилде Мааматкул 90 жаштан ашып калгандыгы эскерилет. Мааматкулдан Темир, Болот. Болот бийдин бир уулу Эсенгул баатыр, андан Ныязбек бий, андан Ормон хан ж.б. болуп тарап кетет.
Үчүкөнүн Дөөлөт деген баласынын Надырбек, Бай, Карамурат, Аалы деген төрт уулу болуп, алардын балдарын жалпылап надырбек тукуму дешет. Байдын 1-аялынан Медет,

Бердиш, Бердике 2-аялынан Калыгул, Жигитек. Булардын арасынан Байдын уулу Калыгул олуя Т. Усубалиевдин төртүнчү атасы болот.
Калыгулдан Ногой, Шыгай жана Күнтууган. Күнтуугандан Кененсары, Акидей, Семетей. Кененсарыдан Усубалы, андан Турдакун.
Т. Усубалиевдин төртүнчү атасы Калыгул кыргыз элинин ичинде замандын эмне болорун алдын ала билген олуя катары белгилүү. Ошону менен катар ал атактуу масалчы акын, саясатчы элчи, коомдук ишмер жана сары багыштын надырбек бутагын башкарган бийи болгон.
Анын урпагы Турдакун Усубалиев 1998-жылы Калыгулдун Ысык-Көлдүн Кара-Ойдогу коргонунун үстүнөн заманбап мавзолей салдырган. Калыгул Бай уулу тууралуу көптөгөн изилдөөлөр жүрүп, бир нече эмгектер жазылган. Бирок алардын бардыгында Калыгул масалчы акын катары каралып, анын чыгармачылыгы гана сөзгө алынат. Ал эми анын өз мезгилинде белгилүү коомдук ишмер болгондугу эске алынбайт. Чындыгында Калыгул сарыбагыштын ичиндеги ири бийлердин бири болгон.
Бул жөнүндө санжырада бай маалыматтар бар. Андан тышкары аларды орус архивдик материалдары тастыкташат. Алсак, Ормон хан баштаган кыргыздар Кенесары султандын басып келген аскерлерин талкалагандан кийин, орустардын ортомчулдугу менен кыргыз-казак бийлери Копал чебинде келишимге кол коюшкан. Бул казак-кыргыз келишими 1847-жылдын 22-августунда болгон. Ормон хан кыргыздардын атынан башында өзүнүн уулу Үмөтаалы Ормон уулу жетектеген өкүлчүлүктү жиберген. Өкүлчүлүктүн курамында Жангарач Эшкожо уулу, Жантай Карабек уулу жана Токтор Карачоңор уулу болгон. Ошол 1847-жылы жазылган документте кыргыз бийлеринин арасында Калыгул Бай уулу (Надырбеков) таасирлүү бийлердин бири катары көрсөтүлгөн. 1856-59-жылдары кыргыздарга келген Ч. Валиханов жыйнаган материалдарда сарыбагыштын надырбек уругунун бийи Калыгул деп жазган.
Калыгул Бай уулунун өмүр жолу дагы азыркы мезгилге чейин тактала элек. Калыгулдун туулган жана өлгөн жылдарын адабиятчы Шаршенбек Үмөталиев болжолдуу түрдө берген маалымат боюнча, 1785-1855-жылдар деп берилип жүрөт.
Эгер тарыхый документтерге таянсак, көрсөтүлгөн даталар туура эмес экендигин көрөбүз. Белек Солтоноев Калыгул тууралуу эскергенде минтип жазат: “Илгери Ормон хандын чоң атасы Эсенгул баатыр казактын Бердикожо баатырын чапканда, Балхашка 7 жашар Калыгулду жоо көрсүн деп ала барган экен”. Кыргыздар менен казак Бердикожонун согушу 1785-жылы болгондугу белгилүү. Демек Калыгул 1778-жылдарда туулган болот. Ал эми анын өлгөндүгү тууралуу маалыматтарга токтолсок, ал 1855-жылы каза болгон эмес. Орус архивдик документтерде Калыгул 1857-58-жылдарда тирүү адам катары эскерилет. Ал 1860-жылдар ченде каза болушу мүмкүн. Себеби орус архивдеринде Калыгул жөнүндө маалымат акыркы жолу 1860-жылдын баш чендеринде Ысык-Көлгө келген капитан Венюковдун жазалоочу отряды менен байланышкан кагаздарда кездешет. Демек бул даректерге таянсак, Калыгул Бай уулу болжолу 1778-1860- жылдардын аралыгында өмүр сүрүп, 80 ден аша жашагандыгын билебиз.
Калыгул Бай уулу, Ормон хандын чоң атасы Эсенгул баатырдын тушунда бала болуп, Ормондун атасы Ныязбек бийди ага деп, ага кызмат кылган. Ормон хандын мезгилинде агалык акыл-кебин айткан, хандын кеңешчиси болгон.
Санжыралык маалыматтарда Калыгул Ормон хан өлгөндөн кийин башталган бугу-сарыбагыш чатактарында сарыбагыш тараптан элчилик милдетти аркалагандыгы баяндалат.

Калыгул олуя масалдатып, жамактап ыр менен сүйлөгөндөн башка дагы, ислам дини боюнча сабаты болгондугу кабарланат. Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда 1970-жылдары тапшырылган Жумабеков Сабыр деген аксакалдын жазган материалдары бар. Анда Сабыр аксакал өз учурунда Калыгулдун кол жазмасын окугандыгын эскерген.
Т. Усубалиевдин үчүнчү атасы же бабасы Калыгул уулу Күнтууган тууралуу дагы тарыхый документтер бар. Орус империясы кыргыз жерин басып алып жаткан мезгилде орустарга каршы Ормон хандын уулу Үмөтаалы каршылык көргөзгөн. Ал 1863-жылы орус баскынчыларына каршы көтөрүлүп, өзүнө караштуу сарыбагыш жана саяк уруулары менен орус бийлигине баш ийбей Ат-Башыдан тартып, Кашкар тоолоруна чейинки тоолордо көчүп жүрүшкөн. Акыры ал 1867-жылы орус бийлигине толук баш ийип берген жана орустарга өлгөн аскерлери үчүн кун төлөгөн. Үмөтаалы 1867-жылы өз эли менен ата конушу Ысык-Көлдүн күңгөйүнө көчүп келет.
Ушул окуялардан кийин, Россия падышачылыгы 1868-жылдан тартып талаа закону боюнча Волостная управа (Болуштук) системасын киргизген. Бул система боюнча 10-15 миң түтүндү башкарган кыргыздардын чоң бийлери бийликтен калып, алардын ордуна болжолдуу 1000 түтүндүн тегерегиндеги элге башчы болгон, жайнаган болуштарды орус администрациясы бекиткен. Орус бийлиги Ормон хандын балдарын бийликке жолотпоо тууралуу көрсөтмө чыгарган. Ошол себептен Үмөтаалынын беш айыл элине Ормон хандын балдарынан болуштук шайлоого катыштырган эмес. Тору-Айгыр болуштугун түзгөн Үмөтаалынын беш айылынын үчөө Эсенгул баатырдын тукумдары, калган экөөндө Усубалиевдин чоң аталарынын уругу надырбектер болушкан.
Болуштук шайлоодон тышта калган Үмөтаалы болуштукка өз адамын шайлатып, ал аркылуу элди башкаруусун уланта берген. Алгачкы шайлоодо Үмөтаалы, элине атасы Ормон хандын кичүү иниси Түлкү Ныязбек уулун болуштукка шайлаткан. Болуштун жардамчылыгына Күнтууган Калыгул уулу бекийт. Бирок орус акерлеринин 1871-жылы Иле өрөөнүндөгү уйгурлардын султанатын талкалоо жүрүшүнө активдүү жардам бербей койгондугу үчүн Түлкүнү болуштуктан бошотуп, бул милдетти жардамчысы Күнтууганга жүктөшөт.
Кулжа экспедиясында орус аскерлери алардын букаралыгын тааныган кыргыздардан материалдык жардам алышкан.
Кезектеги 1873-жылкы шайлоодо Торуайгыр болуштугунан Ормон хандын Чаргын деген уулунун тун баласы Жамгырчы жеңишке жетет, жардамчылыкка Калыгулдун уулу Күнтууган өткөн. Бирок шайлоону уюштуруп өткөргөн подполковник Курковскийдин талабы боюнча шайлоодо жеңип чыккан Жамгырчынын ордуна Күнтууган болуш болуп дайындалат. Жамгырчы болуштун жардамчысы болуп калат. Курковскийдин аргументи Жамгырчы Ормон хандын урпактары болуп, орус бийлиги үчүн ишенимсиз болгон. Күнтууган Турдакундун атасы Усубалынын чоң атасы болот.
Цин жана Россия империяларынын өз ара чек араларын бөлүштүрүп демаркациялаган “Санкт-Петербург келишиминин” негизинде Иле өрөөнүнүн 80%дан ашык аймагы кытай тарапка өткөрүлүп берилет. Келишимге 1881-жылдын 12 (24)- февралында кол коюлуп, Текестеги кыргыздар Ысык-Көлгө, ал эми андагы Тору-Айгыр болушундагы Эсенгулдун тукумдары 1882-жылы Ысык-Көлдөн Кочкорго көчүрүлөт. Алар Кочкорго келгенден кийин, экиге бөлүнүп калган. Эсенгул балдары Кочкордун күн чыгыш тарабындагы алардын тууагандарынан түзүлгөн Борукчу болуштугуна кошулса, надырбек уругу Кочкордун түштүк этегиндеги таздар уругунан турган Жоон-Арык болуштугуна киргизилген.

Бул учурда надырбектерден Күнтуугандын бир тууганы Шыгай Калыгул уулунун балдары Көбөгөн ажы Шыгаев жана Дөөлөткул Шыгаевдер орус бийлик системасына активдүү аралашкан. Алар 1916-жылдагы үркүн согушунда Кочкордогу Жоон-Арык элинин башында турушкан. Көтөрлүштү уюштурууда маанилүү орунду ээлешкен.
Т. Усубалиевдин чоң атасы Кененсары Күнтууган уулу казак султаны Кенесары менен кыргыздардын согушунан кийин туулуп, атын ошого байланыштуу Кененсары деп аташыптыр. Күнтуугандын Кененсары, Акидей жана Семетей деген үч уулу болгон. Улуу баласы Кененсарыдан Усубалы туулган. Кененсары 34 жаш курагында каза болуптур (болжолу 1849+34=1883-жылдары). Ушуга байланыштуу Кененсарынын аялы Уулканды анын иниси Акидейге алып беришет. Акидей агасы Кененсарынын баласы Усубалынын багып чоңойткон атасы болуп калат. Акидей узак жашап, 1941-жылдын баш ченинде каза болот.
Эл ичинде Акидей жөнүндө уламыш окуялар айтылып калат. Акидей өңү сары, көзү көк, бекене бойлуу киши болуптур. Ошон үчүн аны эл Акидей сары деп аташкан. Акидей сары энесинин ичинде жатканда ыйлаган имиш. Күнтуугандын аялы ай-күнүнө жетип турганда, ичиндеги бала кадимкидей ыйлаптыр. Келин чочуп кетип, эси оом жыгылат. Аны кайын энеси эсине келтирип, дөбөдө олтурган абышкасы Калыгул олуяга барып болгон окуяны айтат. Аны уккан Калыгул олуя: “Ээ андан коркпогула, ал Акидей сары деген болот. Ал өлгөндө элдин башына оор азап түшөт”,- деген экен. Ошондон улам Акидей сары каза болгондо согуш (Улуу Ата мекендик согуш) башталган деп эл арасында икая сөздөр тараган.
Усубалынын он баласы болгон. Алардын көпчүлүгү жаш кезинде каза болуп калышкан. Турдакундун туулгандыгы тууралуу дагы бир катар аңыз кептер айтылып келет. Үмөтаалы Ормон уулунун кызматын кылып келген Алмасбек деген уйгур жигити болуптур. Анын түбү Турпандан экен. Ал Үмөтаалынын соодасын жасап, короо, коргондорду салып берип, ага жагып, анын айылында туруп калыптыр. Үмөтаалы Алмасбекти жактырып, кийин кызын берип күйөө бала кылып алат. Алмасбек менен Үмөтаалынын кызынын Турдакун деген уулу, Ташгүл деген кызы болуптур. Турдакун атасынын жолун жолдоп чоң соодагер болуп байыйт. Анын Турпанда, Кыргызстанда үйлөрү болгон.
1916-жылдагы орустарга каршы көтөрүлүштү Турдакун абдан колдогон. Көтөрүлүшчүлөрдүн эскерүүлөрүндө, элди уюштуруу максатында көтөрүлүштүн алдында Жумгал, Кочкор, Кемин жана Чүй манаптарынын көпчүлүгү жашыруун, түн ортосунда Турдакундун Кегетидеги чоң тамына жыйын өткөргөндүктөрү айтылат. Көтөрүлүш жеңилгенден кийин Турдакун дагы кыргыздар менен бирге кытайга качат. Ал кытайдын Уч-Турпан деген жердеги үйүнө качып келишкен бир топ таякелерин багат. Алардын арасында Усубалы дагы болгон. Анын аялынын боюнда болуп, 1917-жылы уул төрөйт. Кубанган Усубалы “уулум ушул бизге жардам берген Турдакундай киши болсо эле жаман болбойт”, - деп, уулунун атын Турдакун койгон экен. Жаш балалуу Усубалы 1917-жылы элине кайткан туугандары менен чогуу кете албай калып калып, кийинки 1919-жылы Кыргызстанга келиптир.
Кийин Турдакун Усубалиев саясий карьерасын баштаганда ошол мезгилдеги шартка жараша чет өлкөдө (кытайда) туулган деген фактыдан качып, документ алганда 1919-жылы Кыргызстандын Кочкорунда туулган деп жаздырып алыптыр. Туулган күнүн болсо, Улуу Октябрь революциясынын күнү 7-ноябрга карата, 6-ноябрь деп алган экен. Албетте мунун бардыгы эл оозунда уламыш түрүндө айтылып келген сөздөр. Аныгын эч ким билбейт.

Атасы Усубалы 1988-жылы 105 жашында каза болгон (1883-жылы туулган). Атасы апасы Рапия менен 69 жыл бирге өмүр сүрүптүр. Турдакундун таятасы (Рапиянын атасы) Байгазы сары багыштын таздар уругунан болгон. Тай энеси Батма (Рапиянын апасы) Ормон хандын уулу Сейилкандын кызы болот. Батма эгизи Зууранын түгөйү болот. Зуура Узун-Агачтагы казакка турмушка чыккан (таякелерине). Т. Усубалиевдин апасы Рапия Байгазы кызы көп төрөгөн. Тирүү калган балдары: Сүйдүм, Бүбүкан, Турдакун, Сайра. Бүбүкан Шайыков Кучүк (уруусу кытай) дегенге турмушка чыккан. Андан кызы Жамал, уулу Марлес. Күйөөсү өлгөндө Сасыкул Осмоналиевге (надырбек уругунун нияз уулу) тийген. Андан бир нече балдары бар. Сайра Исакеев чарбасындагы Ормук (надырбек уругунун абыке уулу) дегенге тийген. Сүйдүм тууралуу кабар аз. Токмоктун Кегетисиндеги Сайдин (Саиддин) Исаков (1939-2015) ал кишинин уулу деген маалымат бар.
Турдакун Усубалиевдин Сыргак, Эсенгул, Бермет деген эки уул, бир кызы бар. Сыргактан үч уул, Эсенгулдан бир эркек, бир кыз. Калыгул олуянын тукумдары бүгүнкү күндө негизинен Кочкор районундагы Теңдик айылында жашашат.

**Колдонулган адабият:**


1. Ибраимов О. И. Турдакун Усубалиев: өмүрү жана тагдыры/кырг. Которгон Ө. А. Калыева.-Б.,2019.
2. Ибраимов О. Штрихи к портрету Турдакуна Усубалиева/ Акипресс.-Январь 31, 2019.
3. Ибраимов О. Турдакун Усубалиев и его предки. Что говорит санжыра? (Часть Ⅱ)/ Акипресс.- Февраль 04, 2019.
4. Сотоноев Б. Кыргыз тарыхы/Жооптуу редактору: академик А.Ч. Какеев.-Б., 2003.
5. Төрөкан уулу Эсенгул. Кыргыздын кыскача санжырасы.-1-т.-Б., 1995.
6. Төрөкан уулу Эсенгул. Кыргыздын кыскача санжырасы.-2-китеп.-Б.,1995.
7. Усубалиев Т. Надо знать прошлое, чтобы не ошибаться в будущем.- Б., 1996.
8. Усубалиев Т. Кыргызстан в моем сердце.-В 3-х тт.-Б., 2005-2007.
9. Усубалиев Т. Избранные речи и статьи.- В 3-х тт.- Б., 2008, 2009.
10. ЦГА РК. Ф. 44. Оп. 1. Д. 29808. Л, 376. /Подполковник Курковский. 22 декабря 1873. Торайгырской волости.
11. 1916-жылкы Кыргызстандагы көтөрүлүш./Котор. Т.Абдылдаев, Түз. П.Ш.Казыбаев.- Б.: Кыргызстан.- 1996.